**Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин КЖБРге №03-002-2021-008807 саны менен катталган материал боюнча**

# **М А А Л Ы М А Т**

09.07.2021-жылы Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун Калыс-Ордо жаны конушунда №2 кварталдык комитетинин төрагасы Нурбай аттуу киши жана №1 кварталдык комитетинин төрагасы Жыргал аттуу кишилер муниципалдык кызматкер болгондугуна карабастан, кызматтык абалын кыянаттык менен пайдаланып, Бишкек шаардык кенешке шайлоого катышып жаткан "Ишеним" саясий партиясынын кызыкчылыктарын колдоп, Калыс-Ордо жаны конушундагы элдерди "Ишеним" саясий партиясына шайлоосуна үгүттөө иштерин жүргүзүп, элдерди чогултуп жана агитациялык материалдарды таратып жаткандыгы тууралуу [redacted] аттуу жараандан Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирүү келип түшкөн.

Келип түшкөн чакырууну текшерүү үчүн Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБге №02-002-2021-015125 саны менен МЭЖке түшкөн.

10.07.2021-жылы маалыматты толук кандуу текшерүү ирээтинде жана тергөө амалдары жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын ЖжКнин 87-1 беренесинин негизинде Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин КЖБРге №03-002-2021-008807 саны катталган.

Окуя тууралуу сурамжылоого алынган Бишкек шаарынын Ак-Ордо жаны конушунун Дуйшебаев көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] төмөндөгүнү билдирген: Ал Бишкек шаардык кенешке "Ата-Журт" партиясы менен талапкер болуп жатканына байланыштуу 04.07.2021-жылы Бишкек шаарынын Калыс-Ордо жаны конушуна келип, ал жердеги кварталдык комитеттеринин төрагаларын иш ордунан таппай койгон. 08.07.2021-жылы кайрадан эл менен жолугушууну уюштуруу иштерин жүргүзүү ирээтинде Калыс-Ордо жаны конушуна келип, кварталдык комитеттерин таппай коюп, алар "Ишеним" партиясынын штабында чогулушта отурганын билген. Ошол себептүү 09.07.2021-жылы жаны конушка кайра келип, ал жерде №2 кварталдык комитетинин төрагасы Нурбай аттуу киши көчөдө "Ишеним" партиясынын агитациялык материалдарын таратып, элди үгүттөп жатканын коруп калып, кетип бара жатып, №5 көчөдөн №1 кварталдык комитетинин төрагасы Жыргал аттуу киши дагы "Ишеним" партиясынын агитациялык материалдыр таратып жатканын көруп видео тасмага тартып алып БШКга кайрылганын билдирген.

Окуя тууралуу суракка алынган [redacted]-жылы туулган Бишкек шаарынын Калыс-Ордо жаны конушунун [redacted]-үйүнүн тургуну [redacted] көрсөтмө берген: 2008-жылдан баштап Бишкек шаарынын Калыс-Ордо жаны конушунун 10-көчөсүнө №1 кварталдык комитетинин төрагасы кызматында иштеп келет. Ишеним

партиясынын талапкери [redacted] менен 2019-жылдан бери тааныш жана ошондон баштап ал киши Калыс-Ордо жаны конушундагы жашоочулардын көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берип келет. Ошол себептен жашоочуларга Ишеним партиясынын программаларын карап көргүлө, жардам берип келе жатканын билесинер, деп 3-4 брошюркасын бергенин бирок эч кимди ал партия үчүн шайлагыла деп айтпагандыгын билдирген.

Окуя тууралуу суракка алынган [redacted] жылы туулган Бишкек шаарынын Калыс-Ордо жаны конушунун [redacted]-үйүнүн тургуну [redacted] төмөндөгүдөй көрсөтмө берген: 09.07.2021-жылы болжол менен саат 11:00 чамасында өзүнө таандык "Мерседес" үлгүсүндөгү унаасы менен [redacted] аттуу жараанды Элим аттуу дүкөндүн жанынан алып кетип, ал жашаган [redacted]-үйүнө алып барып таштап кеткен. Үйүнө келгенде, анын унаасынын ичинде [redacted] таандык болгон "Ишеним" партиясынын агитациялык материалдары калып кеткенин корүп, аны алып барып берүү максатында үйүнөн чыгып [redacted] үйүнө алып бара жаткан жеринен "Ата-Журт" партиясынын депутаттыкка талапкери Гулзина аттуу аял келип аны уюлдук телефонго тартып кеткенин билдирген. Ошондой эле, ал кандайдыр бир саясий партияга эч кандай агитация иш чараларын откорбөгөндүгун билдирген.

Азыркы маалда тергөө амалдары толук камдуу жүруп жатат.

**Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнин ЖИБү**